DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

## *ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ*

## *ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ*

## *PEDAGOGICAL SCIENCES*

***Бабаева А.Д., Токторова А.Э., Уметалиева Г.Р.***

# СТУДЕНТТЕРДИН НРАВАЛЫК-УКУКТУК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН НЕГИЗГИ КРИТЕРИЙЛЕРИ ЖАНА ДЕҢГЭЭЛДЕРИ

***Бабаева А.Д., Токторова А.Э., Уметалиева Г.Р.***

# ОСНОВНЫЕ КРИТЕРИИ И УРОВНИ ФОРМИРОВАНИЯ НРАВСТВЕННО-ПРАВОВОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ

***A.D. Babaeva, A.E. Toktorova, G.R. Umetalieva***

# BASIC CRITERIA AND LEVELS OF FORMATION OF MORAL-LEGAL CULTURE OF STUDENTS

*УДК: 78:331*

*Бул макалада студенттердин нравалык-укуктук маданиятынын структуралык компоненттери жана деңгээлдери каралган. Андан сырткары баа критерийлери эксперименталдык изилдөөгө алынып, педагогикалык процесстик абалдык деңгээли аныкталган. Анын деңгээли социалдык-педагогикалык процесстеги эксперименталдык иш чаралардын окутууга аракет кылуу процессинде жайылтылышынын натыйжасында жетишкен бийиктикти мүнөздөгөн. Булар сандык көрсөткүчтөр менен белгиленип кеткен. Критерийлер менен көрсөткүчтөрдүн объективдүүлүгүндө окутулуп жаткан көрүнүштүн негизги параметрлери түздөн-түз өлчөгөнгө жана баалоого берилгендиги камтылышы зарыл болду. Объективдүү факторлордун кыймыл аракети жана шарты чагылдырылган. Жогорку окуу жайда окуган студенттердин инсандык нравалык-укуктук маданиятынын структуралары бирдиктүү үч компонент түрүндө көрсөтүлдү. Алар маалыматтык-когнитивдик, баалулук-мотивациялык, регулятивдик болуп бөлүнгөн. Илимий макалада бул үч компоненттер бири-бирине көз каранды жана өз ара тыгыз байланышта болгону аныкталган.*

***Негизги сөздөр**: нравалык-укуктук маданият, студенттер, деңгээлдер, жүрүм-турум, мотивациялар, компоненттер.*

*В данной статье рассматриваются структура компонентов и уровни сформированности нравственно-правовой культуры студентов. Кроме этого критерии оценки определяют уровни состояния социально-педагогического процесса, который подвергается экспериментальному исследованию. Уровни характеризуют степень достигнутого в результате внедрения в процесс функционирования изучаемого социально-педагогического процесса экспериментальных мер. Они выражались цифровыми показателями и вербально. Объективность критериев и показателей должна заключаться в том, чтобы основные параметры изучаемого явления поддавались непосредственному измерению и оценке, а также отражали действие объективных факторов и условий. Студентов обучающихся в высшем учебном заведении структура нравственно-правовой культуры представлялось в трех компонентах. Они были разделены на информационно-когнитивный, ценностно-мотивационный и регулятивный. В данной научной статье определяется их взаимосвязь между собой.*

***Ключевые слова**: нравственно-правовая культура, студенты, уровни, правила поведения, мотивация, компоненты.*

*This article discusses the structure of components and the levels of formation of students' moral and legal culture. In addition, assessment criteria determine the state levels of the socio-pedagogical process, which is subjected to experimental research. Levels characterize the degree of experimental measures implemented as a result of the introduction of experimental measures into the functioning of the studied socio-pedagogical process. They are expressed in digital terms and verbally. The objectivity of the criteria and indicators should consist in the fact that the main parameters of the phenomenon under study lend themselves to direct measurement and evaluation, and also reflect the effect of objective factors and conditions. Students studying in higher education institution the structure of moral culture was represented in three components. They were divided into information -cognitive, value-motivational and regulatory. This scientific article defines their relationship with each other.*

***Key words:** moral -legal culture, students, levels, rules of conduct, motivation, components.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Студенттердеги нравалык-укуктук маданияттын калыптандырылышын, жогорку окуу жайдын чөйрөсүндө максатка ылайык жана этап-этабы менен уюштурула турган процесс катары карайбыз. Себеби, анын натыйжасында студенттер нравалык-укуктук билимге, маалыматтарга, түшүнүктөргө ээ болуп, нравалык-укуктук баалуулуктарды (жарандык милдет, ар-намыс, мекенчилдик, жарандык жоопкерчилик ж.б.) активдүү таанып-билүү жана багыт алуу жүрүп, алардын социалдык жүрүм-туруму жөнгө салынат. Азыркы окумуштуулар В.А. Комелине менен Т.В. Кириллова критерийди анын негизинде баалоо жүргүзүлүүчү "каражат", белги кандайдыр бир нерсени белгилөө же классификациялоо катары түшүнүшөт [1, 67-б.]. Э.В. Михайлова өзүнүн эмгегинде "критерий түшүнүгүнө: "Бул баалоого зарыл болгон инструмент, каражат. Бирок критерийдин өзү кандайдыр бир нерсенин баасы болуп эсептелбейт", - деген аныктамасын берет [2, 328-б.].

Биздин көз карашыбызда, баа критерийлери эксперименталдык изилдөөгө алынган ал же бул педагогикалык процесстин абалдык деңгээлин аныктайт. Анын деңгээли социалдык-педагогикалык процесстеги эксперименталдык иш чаралардын окутууга аракет кылуу процессинде жайылтылышынын натыйжасында жетишкен бийиктикти мүнөздөйт. Алар сандык көрсөткүчтөр менен же вербалдык түрдө белгилениши мүмкүн. Критерийлер менен көрсөткүчтөрдүн объективдүүлүгүндө окутулуп жаткан көрүнүштүн негизги параметрлери түздөн-түз өлчөгөнгө жана баалоого берилгендиги камтылышы зарыл. Ошондой эле объективдүү факторлордун кыймыл аракети жана шарты чагылдырылышы керек.

Жогорку окуу жайда окуган студенттердин инсандык нравалык-укуктук маданиятынын структуралары бирдиктүү үч компонент түрүндө көрсөтүлөт.

<u>Маалыматтык-когнитивдик</u>. Ал студенттин жогорку окуу жайга келген алгачкы күнүнөн тартып нравалык-укуктук маданиятын калыптандырууга зарыл болуп эсептелген нравалык-укуктук билим, маалыматтар түрүндө көрсөтүлөт. Демек, студент биринчи курстан тартып нравалык-укуктук мүнөзгө ээ болгон маселелерди чечүүгө зарыл болгон маалыматтарды окууга, колдоно билүүгө, түшүнүүгө жана калыптандырууга милдеттүү. Бул үчүн ал ырааттуу нравалык жана укуктук билимге ээ болуп, студенттердин өз алдынча иштери үчүн окуу-усулдук колдонмодо так көрсөтүлгөн саттарда студенттер өз алдынча аз-аздан жетише турган маалыматтарды алууга жетише билиши зарыл. Бул жаңы социалдык-экономикалык шарттагы анын окуу жана турмуштук ишмердигинде ийгиликтүү улантууга жол ачышы керек. Белгиленген билим – алардын ой жүгүртүшүн жана жүрүм-турумун жолго салып туруучу инструмент катары кызмат кылат. Ал эми билиминин ыраатсыздыгынын саны канчалык болбосун, ал жөндүү жана нравалык жүрүм-турумга кепил боло албайт. Ош мамлекеттик юридикалык институтунда студенттер сабактарды окуунун жүрүшүндө, нравалык-укуктук багытта өткөрүлгөн кураторлук саттарда, атайын адистер чакырылып өткөрүлгөн лекцияларда, нравалык-укуктук ишмердик процессине катышкан учурларда, институттун Юридикалык клиникасына барган учурда, жана башкаларда нравалык-укуктук билимге ээ болушат.

<u>Баалуулук-мотивациялык.</u> Бул нравалык-укуктук нормалардын баалуулугуна ишеним калыптанган кезде ээ болгон билимге студенттин оң же терс мамилелерине коюлган баанын саны. Бул компонент биринчи курстагы студенттин социалдык, нравалык-укуктук баалуулуктарды: жарандык милдетти, ар-намысты, мекенчилдикти, жарандык жоопкерчиликти, өз алдынчалуулукту, таанып билүүгө киришүүсү катары каралат. Мында моралдык түзүмдөрдүн калыптануу деңгээли, мыйзамдар жана нравалык нормалар боюнча билими талап кылынат. Бул компонентке укуктук нормаларга каршы келген жүрүм-турумдагы адепсиздиктин көрүнүшүн да кошууга болот. Мына ушуга байланыштуу студенттерде натыйжалуу мотивацияны калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча маселени чечүүдө биздин окутуучулар, кураторлор тарабынан пайдаланылган жалпы маданияттын маанилүү компоненти катары нравалык-укуктук маданиятка баалуулук-мотивациялык курулуштун системасы бизге сунушталган. Студентке мотивация берүү окуу процессинин эффективдүүлүгүнүн милдеттүү фактору. Ал көптөгөн факторлорго негизделип, студенттин индивидуалдык өзгөчөлүгүнө байланышкан. Студентти биринчи курстан окуу жана окуудан тышкаркы иштерге чындап аралаштыруу үчүн, биз, студенттин жеке кабыл алуусуна жараша конкреттүү тапшырмаларды коюуга аракет кылабыз. Студенттерге сунушталган тапшырмалар алар үчүн маанилүү болушу керек.

Эгерде биринчи курста мотивация калыптанбаган болсо, анда алар жогорку курска жеткенде окууга, коомдук иш чараларга катышууга болгон каалоосу боюнча көйгөйлүү маселелер көбөйөт. Ошондуктан, ошого чейин аларда өзүнүн баалуулуктары калыптанышы шарт. Андай болбогон шартта студентте нравалык-укуктук маданияттын калыптанышына тоскоол

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



боло турган механизмдер пайда болот. Баалуулук-мотивациялык компоненттин көрсөткүчтөрүнө – студенттеги социалдык маанилүү мотивдердин калыптанышы, социалдык-баалуулук ишмердигине керектүү зарылдыктар, нравалык-укуктук ишмердикте натыйжага жетишүүнүн туура багытталышы кирет.

Жөнгө салуу (регулятивдик). Бул социалдык жүрүм-турумдагы, карым-катыштагы нравалык-укуктук маданияттын жаралуу тажырыйбасы, инсандагы нравалык-укуктук маданиятты калыптандыруудагы жыйынтыктоочу стадиясындагы социалдык-укуктук активдүүлүктүн акыркы натыйжасы, турмуштун ар кандай шартында нравалык-укуктук нормаларга ээ болуп, адекваттуу колдонуу жана башкалардын укуктарын жана кызыкчылыктарын бузбай туруп, өзүнүн мыйзамдуу укугун, кызыкчылыктарын коргоп калуу болуп саналат. Нравалык-укуктук жоруктарды аткаруу, башка адамдардын укуктарын коргоого даярдык.

Ошол үчүн жогорку окуу жайдын студентинин нравалык-укуктук аң-сезиминин деңгээли анын жүрүм-турумуна көз каранды. Демек, нравалык-укуктук маданияттын каралып жаткан компоненттери да өз ара тыгыз байланышта. Мына ушундан улам, биз изилденип жаткан феноменден системалуу, бүтүндөй мүнөздү көрөбүз. Жөнгө салуу компоненти нравалык-укуктук маданияттын таанып билүү компонентинин негизинде өнүккөндөй, нравалык-укуктук билимдин, шык-жөндөмдүн калыптанышынын натыйжасы сыяктуу, нравалык-укуктук ишмердиктин тажырыйбасынан өзүн-өзү жаратат. Ишмердик процесси нравалык-укуктук билимдин жана шык-жөндөмдөрдүн баалуулуктарын таанып билген студенттердин ой жүгүртүү ишин активдештире тургандыгын белгилей кеткибиз келет [3, 26-б.].

Биздин изилдөөбүздүн предметине ылайык, биздин көз карашыбызда, жөнгө салуу компоненти – студенттердин нравалык-укуктук маданиятын калыптандырууну жыйынтыктоочу, алгачкы эки критерийдин калыптанышынын көрсөткүчү катары башкы компонент болуп эсептелет. Нравалык-укуктук маданияттын компоненттеринин өз ара байланышы компоненттердин арасынан бир компоненттин өнүгүшүн жана башка компоненттер менен болгон өз ара байланышынын негизинде студенттин нравалык-укуктук маданиятынын бүтүндөй калыптанышына таасир беришинин камсыз болушун аныктоо үчүн бөлүп караганга жол берет.

Студенттердин нравалык-укуктук маданиятынын калыптанышын баалоо максатында, биз анын деңгээлин үч: жогорку, орто, төмөнкү баскычка бөлөбүз.

Изилдөөбүзгө ылайык, нравалык-укуктук маданияты жогорку деңгээлдеги студент – нравалык-укуктук ишмердиктин аспектисине кирген маалыматтардын зарыл болгон көлөмүнө ээ болот. Нравалык жана укуктук билимге жетишет. Өнүккөн нравалык-укуктук аң-сезимге, нравалык-укуктук ой жүгүртүүгө, нравалык-укуктук көрүнүштөр жана процесстер тууралуу ой жүгүртүүгө, алардын өз ара байланышын карай билүүгө ээ болот, нравалык-укуктук кругозор камсыз болот. Турмуштун ар кандай кырдаалында нравалык жана укуктук билимин пайдаланып, көйгөйлүү шартка туура анализдеп, моралдык жана мыйзам нормаларына ылайык туура чечим чыгара алат.

*Нравалык-укуктук маданиятты орточо деңгээлдеги* студент нравалык жана укуктук нормалар жөнүндө билет. Өзүнүн кебинде негизги нравалык жана укуктук терминдерди пайдаланат жана алардын маанисин түшүндүрө алат; нравалык-укуктук билимдин теориялык мүнөзүн алып жүрөт да, өз билимин турмушта пайдалануу даярдыгын чанда гана көрсөтөт (*маалыматтык-когнитивдик компонент).* Мындай деңгээлдеги студенттерде нравалуулук жөнүндө да, укук жөнүндө да түшүнүгү жетиштүү. Алар нравалык жана укуктук нормаларга урмат-сый менен мамиледе болушат. Бирок алардын маани-маңызын толук таанып билишпейт. Нравалык сапаттар анда калыптанган, укук бузууларга терс мамиледе, белгиленген нормаларды бузушпайт, ички ишениминин негизине карабай, көпчүлүктөн айырмалана алышпайт.

*Нравалык-укуктук маданияты төмөнкү деңгээлдеги* студент нравалык-укуктук билимди жеткиликтүү өздөштүргөн эмес. Өз кебинде нравалык-укуктук терминдерди ар дайым эле пайдалана алышпайт, нравалык-укуктук билиминин жана нравалык-укуктук ой жүгүртүү жөндөмүнүн төмөнкү деңгээлин көрсөтүп, нравалык жана укуктук көз караш менен кырдаалдарга анализ жүргүзө албайт, адистик адабияттарды пайдалана алат (*маалыматтык-когнитивдик компонент*). Аларда нравалык жана укуктук баалуулуктар жөнүндө түшүнүк жетишсиз. Алардын маани-маңызын чечмелей алышпайт. Ошондон улам алар нравалык талаптарга баш бербей коюшу мүмкүн.

Жогорку окуу жайга тапшырган нравалык-укуктук маданияты төмөнкү деңгээлдеги жаштардын саны жылдан-жылга көбөйүп бараткандыгын турмуш чындыгы көрсөтүүдө. Жогорку окуу жайларда нравалык нормаларды кабыл албаган, аларга карата кош көңүл мамиледе болгон студенттер аз эмес экенди байкалууда. Ага ылайык, алар укуктук мыйзамдарга каршы кылык-жоруктарга барышы күтүлөт. Биздин жана башка

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



окуу жайларда эмгектенген окутуучулар менен болгон аңгемелешүүдө констатациялоого жол ачып, жогорку курстагы көпчүлүк студенттер өзүн ылайыксыз көрүнүштө алып жүргөндүгү айтылат. Биздин көз карашыбызда, бул нравалык-укуктук маданиятты калыптандыруу иши боюнча кетирилген кемчилдиктин жыйынтыгы болуп саналат.

Ошондон улам, биз, студенттердин нравалык-укуктук маданияты-бул коомчулук тарабынан кабыл алынган нормалар, баалуулук түзүлүштөрү, нравага жана укукка жасалган баалуу мамилелер катары карадык. Социалдык жана окуу ишмердигинде өз алдынча чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгү, жеке жүрүм-турумун ой жүгүртүү жана кылык-жоругун көрө билүүнүн негизинде оңдоп-түзөтүү жөнүндөгү белгилүү билиминин чегин мүнөздөгөн инсандык татаал көрүнүш деген жыйынтыкка келдик.

**Адабияттар:**


1. Кириллова О.В. Связь проблемы «смысла жизни» с таким аспектом безопасности современного общества, как рост суицидов и суицидальных попыток / О.В. Кириллова Т.В. Кириллова // Известия Российской академии образования. - 2012. №2(22). - С. 825-832.
2. Михайлова Э. В. Критерии и уровни сформированности мотивационной готовности обучаемых к профессиональному развитию и самореализации в области дизайна. - М., 2006. - С. 326.
3. Бабаева А.Д. Влияние правовой культуры на развитие общества и защиту прав граждан. Методическое пособие. - Ош, 2011. - С. 40.